# Выписка из Устава ОШ №48

| | | |
|---|---|---|
| **Органы соуправления в ОШ №48** | 29. ЖББМдин тең башкаруу органдары болуп төмөнкүлөр саналат: кызматкерлердин жалпы чогулушу, көзөмөлчүлүк, педагогикалык жана методикалык кеңештер, ата-энелер комитети жана окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу.<br>30. ЖББМге кызматкерлердин жалпы чогулушунун (мындан ары – жалпы чогулуш) курамына мектептин бардык кызматкерлери кирет. Жалпы чогулуш директордун, педагогикалык кеңештин, тең башкаруунун башка органдарынын демилгеси боюнча же жалпы чогулуштун мүчөлөрүнүн кеминде төрттөн биринин демилгеси боюнча зарылдыгына жараша, бирок жылына 1 жолудан кем эмес чакырылат | 29. Органами соуправления Учреждения «Общеобразовательная школа № 48» Первомайского района города Бишкек (далее — ОШ № 48) являются: общее собрание работников, попечительский, педагогический и методический советы, родительский комитет и ученическое самоуправление.<br>30. В состав общего собрания работников ОШ № 48 (далее — общее собрание) входят все сотрудники школы. Общее собрание созывается по инициативе директора, педагогического совета, других органов соуправления или по инициативе не менее одной четверти его членов, по мере необходимости, но не реже одного раза в год. |
| **Полномочия общего собрания** | 31. Кызматкерлердин жалпы чогулушунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:<br>1) мектеп ишинин негизги багыттарын, аны өнүктүрүүнүн келечегин аныктоо;<br>2) ички эмгек тартибинин эрежелерин бекитүү;<br>3) мектептин кызматкерлери менен эмгек мамилелерин жөнгө салуучу локалдык актыларды кабыл алуу (эмгекти коргоо жөнүндө жана этика боюнча комиссия жөнүндө жобо);<br>4) кызматкерлерди жана окуучуларды сыйлоо (материалдык эмес мүнөздөгү), кызматкерлерди социалдык колдоо чараларын кароо;<br>5) кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоо;<br>6) кызматкерлердин эмгегин уюштуруу жана кесиптик өркүндөтүү үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;<br>7) мектептин ишин өнүктүрүү боюнча демилгелерди колдоо;<br>8) мектептин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар.<br>ЖББМдин жалпы чогулуштун ыйгарым укуктары, түзүмү жана анын иштөө тартиби мектептин өзүнчө жобосу менен бекитилет. | 31. К полномочиям общего собрания относятся:<br>1. Определение основных направлений деятельности школы и перспектив её развития;<br>2. Утверждение правил внутреннего трудового распорядка;<br>3. Принятие локальных актов, регулирующих трудовые отношения работников школы (положения о комиссии по охране труда и по этике);<br>4. Рассмотрение вопросов поощрения работников и учащихся (нематериального характера), а также мер социальной поддержки работников;<br>5. Определение критериев и показателей эффективности работы сотрудников;<br>6. Содействие созданию оптимальных условий для организации труда и профессионального роста работников;<br>7. Поддержка инициатив по развитию деятельности школы;<br>8. Иные полномочия, определяемые учредителем и/или администрацией школы. |
| **Полномочия педагогического совета** | 33. Педагогикалык кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:<br>1) мектептин негизги өнүгүү багыттарын тиешелүү аймактык билим берүү башкармалыгынын органдары менен макулдашуу боюнча ишке ашыруу;<br>2) тарбиялоонун жана окутуунун жаңы инновациялык методдорун киргизүү маселелерин кароо;<br>3) методикалык кеңештин отчетторун угуу;<br>4) окуу жана тарбия иштерине талдоо жүргүзүү;<br>5) мектептин ишинин чейректик, жарым жылдык жана жылдык жыйынтыктарын чыгаруу; | 33. К полномочиям педагогического совета относятся:<br>1. Реализация основных направлений развития школы по согласованию с соответствующими органами управления образования;<br>2. Рассмотрение вопросов внедрения новых инновационных методов воспитания и обучения;<br>3. Заслушивание отчетов методического совета;<br>4. Анализ учебной и воспитательной работы;<br>5. Подведение итогов работы школы за четверть, полугодие и учебный год;<br>6. Внесение предложений по системе повышения квалификации педагогов и развитию их творческих инициатив;<br>7. Выдвижение педагогов и других сотрудников к поощрению;<br>8. Принятие решений о переводе, отчислении или выпуске учащихся; |

| | | |
|---|---|---|
| | 6) педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жана алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;<br>7) педагогдорду жана башка кызматкерлерди сыйлыкка көрсөтүү;<br>8) окуучуларды которуу/окуудан чыгаруу/чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу;<br>9) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар. | 9. Иные полномочия, определяемые учредителем и/или администрацией |
| **Полномочия методического совета** | 36. Методикалык кеңештин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:<br>1) билим берүү жана тарбиялоо процессинде окутуунун жана тарбиялоонун заманбап методикаларын, формаларын, каражаттарын жана методдорун, жаңы билим берүү технологияларын колдонууда көмөк көрсөтүү;<br>2) методикалык иштин негизги багыттарын иштеп чыгуу;<br>3) мектептин методикалык бирикмелеринин ишин координациялоо;<br>4) мектептен тышкаркы жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруу;<br>5) педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу;<br>6) инсанга багытталган педагогикалык ишти өнүктүрүүгө көмөктөшүү, педагогдун өз алдынча билим алуусу, өзүн-өзү өркүндөтүүсү жана өзүн ишке ашыруусу үчүн шарттарды камсыз кылуу;<br>7) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар. | 36. К полномочиям методического совета относятся:<br>1. Содействие использованию современных методик, форм, средств и методов обучения и воспитания, внедрению новых образовательных технологий в учебно-воспитательный процесс;<br>2. Разработка основных направлений методической работы;<br>3. Координация работы методических объединений школы;<br>4. Организация внеклассной и внешкольной работы;<br>5. Организация мероприятий по повышению квалификации педагогов, развитию их творческих инициатив;<br>6. Содействие развитию личностно-ориентированной педагогической деятельности, создание условий для самообразования, самосовершенствования и самореализации педагогов;<br>7. Иные полномочия, определяемые учредителем и/или администрацией школы. |
| **Полномочия родительского комитета** | 39. Ата-энелер комитетинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:<br>1) билим берүү процессин ишке ашыруу, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, инсандын эркин өнүгүүсү үчүн шарттарды жакшыртуу;<br>2) окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;<br>3) жалпы мектептик иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;<br>4) билим берүү процессин өркүндөтүү, окуучулардын бош убактысын уюштуруу маселелери боюнча башкаруу жана биргелешип башкаруу органдары, администрация менен кызматташуу;<br>5) ЖББМдин материалдык-техникалык базасын чыңдоого катышуу; | 39. К полномочиям родительского комитета относятся:<br>1. реализация образовательного процесса, улучшение условий для защиты жизни и здоровья учащихся, свободного развития личности;<br>2. защита законных прав и интересов учащихся;<br>3. организация и проведение общешкольных мероприятий;<br>4. сотрудничество с органами управления и соуправления, администрацией по вопросам совершенствования образовательного процесса и организации досуга учащихся;<br>5. участие в укреплении материально-технической базы школы;<br>6. привлечение родительской общественности к активному участию в деятельности школы, а также к организации внеклассных и внешкольных мероприятий;<br>7. иные полномочия, определяемые учредителем и/или администрацией школы. |

| | | |
|---|---|---|
| | 6) ата-энелер коомчулугун ЖББМдин ишине активдүү катышууга, ошондой эле класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерди уюштурууга тартуу;<br>7) ЖББМдин уюштуруучусу жана/же администрациясы тарабынан аныкталуучу башка ыйгарым укуктар. | |
| **Права учащихся** | 42. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:<br>1) окутуунун каалаган этабында мектепке кирүүгө жана билим алуунун формасын тандоого;<br>2) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде сапаттуу милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууга, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алууга;<br>3) кошумча билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөөнүн негизинде алууга;<br>4) мектептин маалыматтык ресурстарын, китепканалык, маданий-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;<br>5) мектептин уставында аныкталган формада аны башкарууга катышууга;<br>6) балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;<br>7) адамдын кадыр-баркын урматтоого, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;<br>8) коопсуз билим берүү чөйрөсүнө, эксплуатациялоонун ар кандай формаларынан жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттерден, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басмырлоодон коргоого;<br>9) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөөдөн коргоого;<br>10) медициналык кароого жана алгачкы медициналык жардамды уюштурууга;<br>11) алардын психологиялык-дене бойлук өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана ден соолугунун абалын эске алуу менен окутуу үчүн шарттарды берүүгө;<br>12) жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди өз убагында алууга;<br>13) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген тартипте акысыз тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорт менен жеңилдетилген шартта жүрүүгө. | 42. Учащиеся имеют право:<br>1. поступать в школу на любом этапе обучения и выбирать форму получения образования;<br>2. получать качественное обязательное и бесплатное общее начальное и основное образование, а также бесплатное общее среднее образование на уровне государственных стандартов;<br>3. получать дополнительные образовательные услуги, в том числе на платной основе;<br>4. пользоваться информационными ресурсами школы, библиотекой, культурно-спортивной и производственной базой;<br>5. участвовать в управлении школой в форме, определённой уставом школы;<br>6. организовывать и участвовать в работе детских объединений;<br>7. уважать человеческое достоинство, свободно выражать своё мнение и убеждения;<br>8. быть защищёнными в безопасной образовательной среде от эксплуатации, вредных для здоровья действий, а также от физического и психологического насилия и унижения достоинства;<br>9. быть защищёнными от информации, пропаганды и агитации, наносящих вред здоровью, моральному и духовному развитию;<br>10. проходить медицинские осмотры и получать первичную медицинскую помощь;<br>11. получать условия обучения с учётом особенностей их психофизического развития и состояния здоровья;<br>12. своевременно получать государственные документы об образовании после завершения общего основного и общего среднего образования;<br>13. получать бесплатное питание и медицинское обслуживание, а также пользоваться льготным проездом в пассажирском автотранспорте в порядке, установленном Кабинетом Министров КР и органами местного самоуправления. |
| **Обязанности учащихся** | 43. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>1) ЖББМдин уставын сактоого жана аткарууга;<br>2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө; | 43. Ученики обязаны:<br>1. соблюдать и выполнять устав ОШ;<br>2. осваивать общеобразовательные программы на уровне требований государственного образовательного стандарта; |

| | | |
|---|---|---|
| | 3) жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды, ЖББМдун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;<br>4) жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого;<br>5) ЖББМдин ички тартип эрежелерин сактоо боюнча, анын ичинде мектеп кийимине карата талаптарын аткарууга;<br>6) ЖББМдин мүлкүнө аяр мамиле жасоого жана келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартууга. | 3. уважать общенациональные и общечеловеческие ценности, честь и достоинство других учеников и работников ОШ;<br>4. соблюдать этические нормы поведения;<br>5. соблюдать внутренние правила дисциплины ОШ, включая требования к школьной форме;<br>6. бережно относиться к имуществу ОШ и нести ответственность за причинённый ущерб. |
| **Обязанности школы** | 44. ЖББМ төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>1) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык окуучуларга акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү камсыз кылууга;<br>2) бекитилген окуу планына жана сабактардын расписаниесине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылууга;<br>3) окуучулардын жетишүүсүн учурдагы жана аралыктык контролдоону жүзөгө ашырууга жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү менен окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) маалымдоого;<br>4) окуучуларды зарыл окуу китептери менен, анын ичинде ижара негизинде да камсыз кылууга, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын алкагында ЖББМдин китепканалык жана маалыматтык ресурстарына акысыз жетүүнү камсыз кылууга;<br>5) окуучулардын арасында укук бузуулардын алдын алууга багытталган иш-чараларды жүргүзүүгө;<br>6) өз ыйгарым укуктарынын чегинде ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн коргоону жүзөгө ашырууга;<br>7) Мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жана билим берүү уюмдары тарабынан иштелип чыккан класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иш программаларына ылайык окуучулар менен тарбиялык иштерди жүргүзүүнү камсыз кылууга;<br>8) окуучунун инсандыгын урматтоого, аны физикалык жана психологиялык зомбулуктун, кадыр-баркты басмырлоонун бардык формаларынан, ошондой эле эксплуатациялоонун жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин бардык формаларынан сактоого;<br>9) билим берүү кызматтарын көрсөтүү жана мектепте тарбия иштерин жүргүзүү учурунда окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын адеп-ахлактык, физикалык жана психологиялык ден соолугун, эмоционалдык бакубаттуулугун чыңдоо үчүн шарттарды камсыз кылууга; | 44. ОШ обязана:<br>1. обеспечивать бесплатное общее начальное, основное и общее среднее образование учащимся в соответствии с требованиями государственного стандарта школьного образования;<br>2. обеспечивать реализацию образовательных программ согласно утвержденному учебному плану и расписанию занятий;<br>3. осуществлять текущий и промежуточный контроль достижений учащихся и информировать об их результатах родителей (законных представителей) с использованием информационных технологий;<br>4. обеспечивать учащихся необходимыми учебниками, в том числе на основе аренды, а также бесплатный доступ к библиотечным и информационным ресурсам школы в рамках реализуемых образовательных программ;<br>5. проводить мероприятия, направленные на предупреждение правонарушений среди учащихся;<br>6. в рамках своих полномочий обеспечивать защиту от информации, пропаганды и агитации, наносящих вред здоровью, моральному и духовному развитию;<br>7. проводить воспитательную работу с учащимися согласно требованиям государственного стандарта школьного образования и программам внеурочной и внешкольной деятельности, разработанным образовательными учреждениями;<br>8. уважать личность учащегося, защищать его от всех форм физического и психологического насилия, унижения достоинства, эксплуатации и действий, вредящих здоровью;<br>9. создавать условия для укрепления нравственного, физического и психологического здоровья, эмоционального благополучия учащихся с учётом их индивидуальных особенностей во время оказания образовательных услуг и воспитательной работы;<br>10. соблюдать санитарно-гигиенические требования, обязательные нормы и правила пожарной и иной безопасности в образовательном процессе;<br>11. обеспечивать питание учащихся в соответствии с действующим законодательством в сфере образования;<br>12. обеспечивать конфиденциальность личных данных учащихся, информации о состоянии их здоровья и личных данных родителей (законных представителей) в соответствии с законодательством, за исключением |

| | | |
|---|---|---|
| | 10) билим берүү жана тарбиялоо процессине коюлуучу санитардык жана гигиеналык талаптарды, өрт жана башка коопсуздуктун милдеттүү ченемдерин жана эрежелерин сактоого;<br>11) колдонуудагы билим берүү жаатындагы мыйзамдардын ченемдерине жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык окуучулардын тамак-аш менен камсыз кылууга;<br>12) жеке мүнөздөгү маалыматтар жаатындагы мыйзамдарга ылайык окуучулардын инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө маалыматтарды, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жеке маалыматтарын ачыкка чыгарбоону камсыз кылууга, мындай маалыматтарды берүү мыйзамдарда каралган же окуучунун өмүрүн жана ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо;<br>13) окуучунун жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматка ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) жеткиликтүү болуусун камсыз кылууга;<br>14) окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) устав, ички тартип эрежелери жана мектептин билим берүү, тарбиялоо жана административдик ишин жөнгө салуучу башка документтер менен жеткиликтүү формада тааныштырууну камсыз кылууга. | случаев, предусмотренных законом или необходимых для сохранения жизни и здоровья учащегося;<br>13. обеспечивать доступ родителей (законных представителей) к информации о достижениях и проблемах учащегося;<br>14. обеспечивать ознакомление родителей (законных представителей) с уставом, внутренними правилами и другими документами, регулирующими образовательную, воспитательную и административную деятельность школы, в доступной форме. |
| **Права школы** | 45. ЖББМ төмөнкүлөргө укуктуу:<br>1) педагогикалык максатка ылайыктуулук менен шартталган окутуу методдорун колдонууга;<br>2) окуучудан окуу жүктөмүн толук көлөмдө аткарууну талап кылууга;<br>3) окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча сунуштарды киргизүүгө;<br>4) окуучуну жетишкендиктерине жараша баалоого;<br>5) ыйгарым укуктуу орган жана мектептин тиешелүү локалдык актысы тарабынан белгиленген учурларда жана тартипте окутуунун аралыктан билим берүү технологияларын колдонууга;<br>6) Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарынын ченемдерине ылайык окуучуларга кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө;<br>7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген категориялардан окуучуларды окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн ижара акысынан бошотууга же жеңилдетилген шарттарды белгилөөгө;<br>8) окуучу жана анын ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан ички тартип эрежелерин, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин жана уставды сактоону талап кылууга. | 45. ОШ имеет право:<br>1. применять методы обучения, обусловленные педагогической целесообразностью;<br>2. требовать от ученика полного выполнения учебной нагрузки;<br>3. вносить предложения родителям (законным представителям) по вопросам обучения и воспитания;<br>4. оценивать ученика согласно его достижениям;<br>5. использовать дистанционные образовательные технологии в случаях и порядке, установленных уполномоченным органом и соответствующим локальным актом школы;<br>6. оказывать дополнительные платные услуги обучающимся в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере образования;<br>7. освобождать или предоставлять льготы по оплате аренды учебников для учащихся из категорий, определённых Кабинетом Министров Кыргызской Республики;<br>8. требовать от ученика и его родителей (законных представителей) соблюдения внутренних правил дисциплины, этических норм поведения и устава. |
| **Права педагогов** | 46. Педагогикалык кызматкерлер төмөнкүлөргө укуктуу: | 46. Педагогические работники имеют право: |

| | | |
|---|---|---|
| | 1) окутуу жана тарбиялоо методикасын, жалпы билим берүү программасын, окуу-методикалык комплектти, окуучулардын билимин баалоо методдорун өз алдынча тандоого жана пайдаланууга;<br>2) мамлекеттик билим берүү стандартынын, окутуу жана тарбиялоо методикасынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин жана окуу-методикалык колдонмону түзүүгө жана пайдаланууга;<br>3) инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдынкы педагогикалык тажрыйбаны окуу процессине киргизүүгө;<br>4) өзүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга, методикалык колдоо көрсөтүүгө жана насаатчылыкка;<br>5) окуучуларды билим алуудагы бийик жетишкендиктери жана башка ийгиликтери үчүн сыйлоого;<br>6) Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык ыктыярдуу аттестациядан өтүүгө;<br>7) өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;<br>8) кесиптик иш үчүн тиешелүү шарттарды талап кылууга;<br>9) ЖББМди анын уставында аныкталган тартипте башкарууга катышууга;<br>10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге. | 1. самостоятельно выбирать и применять методики обучения и воспитания, общую образовательную программу, учебно-методический комплект, методы оценки знаний учащихся;<br>2. создавать и использовать авторские общеобразовательные программы, учебники и учебно-методические пособия на основе государственного образовательного стандарта и методик обучения и воспитания;<br>3. разрабатывать и применять инновационные методы и технологии, проводить научно-педагогические эксперименты, внедрять передовой педагогический опыт в учебный процесс;<br>4. повышать свой профессиональный уровень и квалификацию, получать методическую поддержку и наставничество;<br>5. поощрять учащихся за высокие достижения в обучении и другие успехи;<br>6. проходить добровольную аттестацию в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере образования;<br>7. защищать свою честь и профессиональное достоинство;<br>8. требовать создание соответствующих условий для профессиональной деятельности;<br>9. участвовать в управлении ОШ в порядке, определённом уставом;<br>10. пользоваться дополнительными социальными гарантиями и льготами, установленными законодательством Кыргызской Республики и органами местного самоуправления. |
| **Обязанности педагогов** | 48. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>1) педагогикалык этиканын ченемдерин жана ЖББМдин уставын сактоого жана аткарууга;<br>2) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде окуучулардын жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;<br>3) ишке карата өз алдынчалыкты, чыгармачылык мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунун жогорку адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга;<br>4) ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген кызмат ордуна квалификациялык талаптарга ылайык келүүгө;<br>5) өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;<br>6) окуучуларга карата моралдык жана физикалык зомбулук ыкмаларын колдонбоого. | 48. Педагогический работник обязан:<br>1. соблюдать и выполнять нормы педагогической этики и устав ОШ;<br>2. обеспечивать освоение учащимися общеобразовательных программ на уровне требований государственного образовательного стандарта;<br>3. развивать самостоятельность и творческий подход к работе, формировать у учащихся высокие нравственные качества поведения;<br>4. соответствовать квалификационным требованиям, утверждённым уполномоченным органом для занимаемой должности;<br>5. постоянно повышать свой профессиональный уровень и квалификацию;<br>6. не применять методы морального и физического насилия в отношении учащихся. |
| **Права родителей** | Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу: | 49. Родители (законные представители) обучающихся имеют право:<br>1. выбирать школу и форму получения образования на любом этапе обучения и направлять туда ребёнка для продолжения обучения; |

| | | |
|---|---|---|
| | 1) окууну улантуу үчүн окутуунун каалаган этабында мектепти, ошондой эле билим алуу формасын тандоого жана балдарды ага жиберүүгө;<br>2) мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын алкагында баланын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;<br>3) окуучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, ошондой эле суроолор жана сунуштар менен ЖББМге кайрылуу мүмкүнчүлүгүн коргоого;<br>4) окутуу процессине кийлигишүү укугусуз жана окутуу методдорун өзгөртүү талабы жок окутуунун жана тарбиялоонун методдору колдонулган билим берүүнүн мазмуну менен таанышууга;<br>5) пландаштырылуучу медициналык текшерүүлөрдүн бардык түрлөрү жөнүндө маалымат алууга, макулдук берүүгө же мындай текшерүүлөргө катышууга, аларды өткөрүүдөн же аларга катышуудан баш тартууга, текшерүүлөрдүн натыйжалары жөнүндө маалымат алууга;<br>6) ЖББМди башкарууга жана өнүктүрүүгө, анын ичинде биргелешип башкаруу органдарына, анын ичинде ата-энелер чогулуштарына жана иш-чараларына катышууга;<br>7) окуучунун жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымат алууга;<br>8) педагогикалык кеңештин жыйналыштарына жана окуучуга тиешелүү маселелер боюнча башка иш-чараларга катышууга;<br>9) окутуу процессине тиешелүү маселелер боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарына кайрылууга. | 2. требовать соблюдения права ребёнка на получение образования в рамках государственного образовательного стандарта;<br>3. защищать права и законные интересы учащегося, а также иметь возможность обращаться в образовательное учреждение с вопросами и предложениями;<br>4. знакомиться с содержанием образования, при котором используются методы обучения и воспитания без вмешательства в учебный процесс и без требования изменения методов обучения;<br>5. получать информацию обо всех видах планируемых медицинских осмотров, давать согласие или участвовать в них, отказываться от прохождения осмотров и получать информацию о результатах осмотров;<br>6. участвовать в управлении и развитии образовательного учреждения, включая участие в совместных органах управления, собраниях родителей и мероприятиях;<br>7. получать информацию о достижениях и проблемах ребёнка;<br>8. участвовать в заседаниях педагогического совета и других мероприятиях по вопросам, касающимся ребёнка;<br>9. обращаться в региональные органы управления образованием по вопросам, связанным с учебным процессом. |
| **Обязанности родителей** | 50. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:<br>1) окуучунун окуусу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, жалпы башталгыч, негизги жана орто билим алуусу үчүн тиешелүү шарттарды түзүүгө, анын физикалык жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;<br>2) окуучунун кадыр-баркын сыйлоого, эмгекчилдикти, кайрымдуулукту, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, башка жыныстагыларга, башка улуттарга, мамлекеттик, расмий жана эне тилине, элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга сый мамиле кылууга, сабырдуулукка, зомбулукка, коррупцияга жана басмырлоого карата сабырсыздыкка тарбиялоого;<br>3) окуучунун зомбулуктун бардык формаларынан жана кайдыгерлик мамиледен кол тийбестигин камсыз кылууга;<br>4) Кыргызстан элинин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга, башка адамдардын укуктарын урматтоого, мекенди сүйүүгө тарбиялоого; | 50. Родители (законные представители) обучающихся обязаны:<br>1. создавать необходимые условия для учёбы, развития способностей, получения начального, основного и среднего образования ребёнком, постоянно заботиться о его физическом и психическом здоровье;<br>2. уважать достоинство ребёнка, воспитывать трудолюбие, милосердие, уважение к семье, старшим по возрасту, представителям другого пола, другим национальностям, государственному, официальному и родному языкам, народным обычаям и традициям, терпимости, нетерпимости к насилию, коррупции и притеснению;<br>3. обеспечивать неприкосновенность ребёнка от всех форм насилия и безразличия;<br>4. воспитывать уважение к национальным, историческим и культурным ценностям кыргызского народа, бережное отношение к историко-культурному наследию и окружающей среде, уважение прав других людей, любовь к Родине;<br>5. выполнять раздел устава образовательного учреждения, касающийся их прав и обязанностей; |

| | | |
|---|---|---|
| | 5) ЖББМдин уставынын өзүнүн укуктарына жана милдеттерине тиешелүү бөлүгүн аткарууга;<br>6) ЖББМ менен туруктуу кызматташууну колдоого, окуучуну окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин сунуштарын аткарууга;<br>7) окуучу мектепке киргенде жана аны окутуу процессинде окуучунун инсандыгы жана ден соолугунун абалы жөнүндө зарыл документтерди жана маалыматтарды өз убагында берүүгө;<br>8) окуучунун өзүнүн эсебинен (билим берүү жаатындагы мыйзамдарда жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актыларында каралган учурлардан тышкары) окуучу үчүн зарыл болгон буюмдар менен (жазуу-кеңсе буюмдары, мектеп жана спорт формалары ж.б.) окуучу жаш курагына жана муктаждыктарына ылайык келген санда камсыз кылууга;<br>9) Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык окуучу тарабынан мектептин мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтурууга;<br>10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы окуу китептерин ижарага берүү тартибине ылайык жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган окуу китептеринин тизмегине ылайык жалпы билим берүү уюмунун китепкана фондунун окуу китептерин пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнү камсыз кылууга;<br>11) жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде мектептин ашканасында окуучунун тамактануусу үчүн кошумча акы төлөөгө (ысык тамак уюштурулган жалпы мектептер үчүн);<br>12) мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө, ички тартиптин эрежелерин сактоого, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоо жөнүндө, ошондой эле мектепке же педагогикалык кызматкерлерге келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик жөнүндө окуучуга маалымдоого.<br>Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан тышкары жана окуу убактысынан тышкары жүргөн окуучунун ден соолугу жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат. | 6. поддерживать постоянное сотрудничество с образовательным учреждением и выполнять рекомендации педагогов по обучению и воспитанию ребёнка;<br>7. своевременно предоставлять необходимые документы и информацию о личности и состоянии здоровья ребёнка при его приёме и обучении в школе;<br>8. обеспечивать ребёнка необходимыми вещами (канцелярские товары, школьная и спортивная форма и др.), соответствующими возрасту и потребностям, за свой счёт, кроме случаев, предусмотренных законодательством и нормативными актами;<br>9. возмещать ущерб, причинённый ребёнком имуществу школы в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики;<br>10. оплачивать пользование учебниками из фонда библиотеки общего образования в порядке аренды, утверждённом Кабинетом Министров, согласно перечню учебников, утверждённому уполномоченным органом в сфере образования;<br>11. оплачивать дополнительное питание ребёнка в школьной столовой на основании решения местного совета (для школ с организацией горячего питания);<br>12. информировать ребёнка о необходимости освоения образовательных программ в соответствии с требованиями государственного образовательного стандарта, о соблюдении правил внутреннего распорядка, этических норм поведения, уважении общенациональных и общечеловеческих ценностей, а также о юридической ответственности за причинённый школе или педагогам ущерб в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях.<br>Родители (законные представители) несут полную ответственность за жизнь и здоровье ребёнка вне территории образовательного учреждения и вне учебного времени. |